*Сияев Т.М., Өмүралиев М.Ү.*

# КОМПЬЮТЕРДИН ЖАРДАМЫ МЕНЕН КЕНЖЕ КЛАССТАРДЫ ОКУТУУНУН ЖОЛДОРУ

*Сияев Т.М., Омуралиев М.У.*

# ПУТИ ОБУЧЕНИЯ МЛАДШИХ КЛАССОВ С ПОМОЩЬЮ КОМПЬЮТЕРА

Жаңы маалыматтык технологиясынын бардык сферада колдонулушу башталгыч мектептин окуучулары компьютердик технология менен таанышы зарылбы деген маселе келип чыгат. Бул багытта азыркы мезгилге чейин кайчы пикирлер орун алат, кптөгөн педагогдор керек деп эсептешсе, айрым педагогдор таптакыр каршы ойду билдиришет. Жалпы билим берүү мектептерде жаңы маалымат технологиясын киргизүү боюнча А.П.Беляева, В.П.Беспалько, Я.А.Ваграменко, А.П.Ершов, М.И.Жалдак, В.М.Зеленин, В.А.Извозчиков, Ю.К.Кузнецов, В.В.Лаптев, М.П.Лапчик, А.Е.Марон, И.В.Марусева, Е.И.Машбиц, А.Г.Мордкович, И.А.Румянцев, М.В. Швецкий жана башка окумуштуулардын изилдеген.

Компьютерди мектептеги окуу жана тарбиялоо процесстеринде пайдалануу баланын көз карашында табигый көрүнүш катары каралып, анын окуусунун индивидуализациясын жана мотивациясын эффективдүү жогорулатуучу, чыгармачыл мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүүчү каражат боло алат. Компьютердик технологияны колдонуу эмоционалдык көтөрүлүшүнө алып келип, ал тургай артта калган окуучу дагы компьютерде көңүлдөнүп иштейт, билим алуусундагы үзгүлтүктүн натыйжасында оюнга койгон ийгиликсиз кадамдан кийин кээси мугалимге өзүлөрү барып жардам суроосуна же өз алдынча оюндан билим алуусуна жетишүүсүнө алып келет. Экинчи жагынан бул метод мугалим үчүн дагы эң оңой болот: баланын билимин жана мүмкүнчүлүктөрүн жакшы баалоого жардам берет, окутуунун жаңы, традициялык эмес формасын, методун издөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Себеби, эгерде эсептөө техникасынын мүмкүнчүлүктөрүн балдарга үйрөтүү маселеси коюлса, компьютерди үйрөнүү жогорку класстын гана иши болбой калат.

Кээ бир педогогдор кенже класска компьютердик сабаттуулукка үйрөтүү реалдуу эмес деп карашат. Айрымдары компьютерди класстагы балдардын көңүлүн башкага буруучу каражат катары санашат. Башкалары болсо балдарды компьютердик сабаттуулукка үйрөтүү мугалимдерди эсептөө техникасынын областында профеционалдуу даярдабаса, алар сабак мезгилинде компьютерди пайдаланууну биле алышпайт деп ишендиришет. Дагы башкалар, компьютерди дайыма колдоно берсек адамдардын кийинки муундары компьютерсиз эч нерсе кыла албай, сандарды кошуп көбөйтүп эсептей албай калышат деп корккондуктарын айтышат. Мектептеги окутууга компьютерди киргизүүнүн каршы аргументтеринин бири болуп эсептөө техникасынын өтө ылдам өнүгүшүнүн натыйжасында, ал тургай эң жаңы деген программалар артта кала тургандыгы эсептелет. Дагы бир карама-каршы жагдай - бул балдар компьютерде көп убакытын өткөрүп, бири-бири менен азыраак баарлашып калат. Ошого байланыштуу балдар компьютер менен көп баарлашып, баарлалашуунун интуициялык же бир беткей эмес формасын билбей, тактык жана дааналык мүнөздүү болгон баарлашуунун формасына көбүрөөк басым жасап калып, гуманитардык жана искусствого керек болгон интуициялык баарлашуунун формасын билбей калышат.

Жогорку сапатагы программалык жабдылышты иштеп чыгуу үчүн программалык жабдылыш боюнча квалификациялуу адистер жана кенже мектептеги тажрыйбалуу мугалимдер менен тыгыз эмгектенишибиз керек. Эң кенже класстар үчүн дидактикалык жактан жакшы ойлонулган жана мотивдешкен, эң сонун программалык жабдыкты талап кылуу зарыл.

Сеймур Пейпер өзүнүн «Озарения» китебинде кенже класстагы окуучуларга программалоо тили зарылбы деген суроого «ооба» деп жооп берген. Балдар үчүн ал ЛОГО деген тилди ойлоп тапкан. Ошентсе дагы, ушул коюлган суроого негиздүү жооп берүү үчүн эксперименттер керек. Эсептөө техникасынын өсүшүнүн деңгээлин эске алып, кенже балдардын курагындагы эксперименттик программалоону баш тартууга бат макул болобуз. Пейпердин бул жумуш боюнча ою мындай балдарды кол машинага айландырбастан, ага компьютерди башкарууга мүмкүнчүлүк берүү. Бүгүн жаңы технология менен бул ойду оңой метод менен ишке ашырууга болот. Азыркы «чычкандын» жана менюнун жардамы менен балдар программалоо билгичтигисиз эле, татаал графикалык программалар менен, тексттик редакторлор менен чыгармачыл иштей алышат.

Башталгыч мектептердин педагогикасы жогорку технологиялаштырылган дүйнөдөгү балдарды курчап турган өзгөрүлүп туруучу чөйрөгө дал келүүсү зарыл. Ошондуктан, башталгыч мектептерде келечекте ориентирленген методиканы жана окуу мезгилиндеги практиканы иштеп чыгуу үчүн жаңы технологиянын терс таасирин, жана оң дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн обьективдүү изилдеп жана салыштыруу керек. Реалдуу окуу процессинде компьютерди колдонуу тажрыйбасынан, окулган адабияттардын анализинен көрүнүп тургандай, балдардын өнүгүүсү үчүн жаны маалымат-

тар технологиясынын шартында жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылат.

Ошентип биз компьютерди башталгыч мектептерде пайдалануу алардын таанып билүү ишмердүүлүгүн көңүл буруусун, элестетүүсүн, эске тутуусун, логикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрөт деген жыйынтыкка келдик, ошондой эле компьютер дүйнөнү кабыл алуусун жакшыртат.

Башкы информациялык эсептөө борборунун адистери бир топ жылдан бери мектептердин окуу процессине компьютердик техниканы колдонуу жана окуу программасынын прикладдык пакеттерин түзүү боюнча тажрыйбалуу эксперименттик иштерди жүргүзүп келүүдө ушунун негизинде прикладдык программалардын пакеттерине (ППП) талаптар иштелип чыккан.

Компьютердик окутуу учун (ППП). Бул талаптар төмөнкүлөр:

- Клавишаларды кокустан же туура эмес басып алуудагы программанын ийкемдүү, туруктуу иштеши;
- Санкцияланбаган берилиштерди киргизүүдөн коргонууну камсыздоо;
- Колдонуучунун программа менен иштөөсүндөгү активдүүлүгүн камсыздандыруу;
- Прикладдык программадагы пакеттин (ППП) мазмунундагы каталыктардын жоктугу;
- Мектеп предметтердин окуу программасына программанын тематикасынын дал келүүсү;
- ППП нын жардамы менен окутуунун жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу (берилип жаткан окуу материалын мурун өздөштүрүлгөн материалга дал келиши);
- Программа менен берилген окуу материалы, формасы жана методу;
- ППП нын жардамы менен аткарылуучу окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;
- Программа окуучулардын даярдануу деңгээлине жараша болуусу зарыл;

**Сабактын темасы:** «Алгоритм колдонуучулар үчүн»

**Сабактын максаты:** Алгоритм жөнүндө терең түшүнүк берүү.

**Сабактын жүрүшү:** Көздөгөн максатка жетүүгө багытталган аракеттердин удаалаштыгын ишке ашыруу үчүн коюлган маселени чыгарууга аткаруучуга түшүнүктүү так буйрукту алгоритм деп айтабыз.

Мисалы, мышыктын сүрөтү чекиттер менен берилген. Карандашты колдонуу менен аларды туташтырып чыгуу керек.

Алгоритм «мышык»

1. Карандашты ал
2. Ирээти менен бириктир
3. Карандашты ордуна кой
4. Токтот

Коюлган маселени аткарып бүткөндөн кийин «токтот» бүтүү сөзүн жазуубуз зарыл.

**Сабакты бышыктоо:** Мугалим окуучулардын ар бирине жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн боелбой тартылган сүрөттөрүн тартат. Тапшырма берилет:элестетип, туура боеп, алгоритмин түзгүлө. Мисалы бир окуучунуку бак болсо жалбырагын жашыл, сөңгөгүн күрөң менен боеойт да алгоритмин түзөт.

Алгоритм «бак»

1. жашыл карандашты ал
2. жалбырактарын бое
3. күрөң карандаш ал
4. сөңгөгүн бое
5. карандаштарды ордуна кой
6. токтот

Бардыгы аткарып бүткөндөн кийин кайталоо үчүн суроолор берилет:

Аткаруучу ким болот? Жогоруда каралган маселеде кимдер аткаруучу боло алат.

***Үйгө тапшырма:***

Геометриялык маселелер.

1. төмөнкү үч бурчтуктардын негизинде төрт бурчтуктардын моделин түзгүлө.
2. беш палочка алып: а) үч үч бурчтук; б) квадрат жана эки үч бурчтук түзгүлө
3. Мугалим окуучуларга эки сүрөттү көргөзөт. А бурчу чоңбу же В бурчу чоңбу?

**Адабияттар:**


1. М.П. Лапчик Методика преподавания информатики. - Свердловск, 1987.
2. М.П. Лапчик Обучения алгоритмизации, Омск 1972.
3. В.М. Монахов, М.П. Лапчик,Н.Б. Демидович, Л. П. Червочкина Формирования алгоритмической культуры школьников при обучение математике. Пособие для учителей, 1978
4. А.П. Ершов, Г.А. Звенигородский, Ю.А. Первин. Школьная информатика концепции, состоянии, перспективы. Новосибирск ВЦ СО АН ССР, 1979